Каралды
Педагогикалык кеңештин
№ 1 протоколунда
«29» август 2022 жыл

Бекитем
94 жалпы орто билим берүү
мектебинин директорунун
милдетин аткаруучу
_______ Ажыгулова К.К

## Класс жетекчилердин функционалдык милдеттери боюнча жобо

1.Окуучулардын ден соолугун жана жашоосун коргоо.

1.1 Окуучулардын сабак мезгилиндеги кооптуу жүрүм-турумун, ден соолуугун жана жашоосун камсыз кылуу;

1.2 Техникалык-коопсуздук эрежелеринин инструктаждарын өткөрүп туруу;

1.3 Класстын санитардык-гигиеналык шартын камсыздоо, окуучуларга пандемия шартында өзгөчө өздүк гигиенаны сактоо, класстын тазалыгына көңүл бөлүү;

1.4 Окуучуларды мектеп китепканасынан китеп менен камсыздоо;

1.5 Жашоонун сергек мүнөзүн жайылтуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

1.6 Окуучулардын окуу күнүн пландоого жардамдашуу;

1.7 Окуучулардын үй-шарты менен таанышуу;

1.8 Сабакты себепсиз калтырып жаткан окуучуларды көзөмөлгө алуу, зарыл жумушу бар окуучуга уруксаат берүүдө ата-эненин арызын алууга;

2.Окуу иштерин уюштуруу

2.1 Сабакка катышуу жана жетишүүсүн көзөмөлдөө, окуучулук формасын, окуучулардын партага жайгашуусун көзөмөлгө алуу;

2.2 Класстын иш кагаздарын даярдоо, күндөлүктөрдү текшерип туруу, класстык сааттарды өтүү, журналдарды өз учурунда толтуруп туруу;

2.3 Предмет мугалимдер менен байланышта болуп, сабакта тиешелүү шарт түзүүгө көмөктөшүү;

2.4 Окуучулар менен ата-энелер менен жекече иштерди алып баруу;

3.Ата-энелер менен иштерди уюштуруу

3.1 Үй-бүлөдөгү жана класстын микроклиматынын диагностикасын түзүү;

3.2 Окуучунун тарбиясын, билимин, социалдык абалын көзөмөлдөө, жашоо

шартын анализдөөнүн планын иштеп чыгуу;

3.3 Ата-энелер чогулушун, жекече сүйлөшүүнү уюштуруу;

3.4 Ата-энелерди коллективдик иш аракеттерге тартуу, спорттук, маданий иштерге, экскурсияларга тартуу;

3.5 Окуучулардын мектепке келип кетүүсү боюнча ата-энелер менен келишим түзүү;

4. Класста өзүн-өзү башкарууну уюштуруу

4.1 Класстын активдерин шайлоо;

4.2 Окуучулардын таланттарына жараша иш аракеттерди уюштуруу;

5.Класстын эмгек ишмердүүлүгү.

5.1 Мектептин тегеринде иш аракеттерди уюштуруу;

( тазалоо,  дежурство, эмгек иштери)

5.2 Ар бир окуучунун иш аракетинин учетун алуу;

5.3 Мектепте сабактан тышкаркы иш чараларга окуучулардыы активдүү катышууга тарбиялоо;

6.Окуучулар менен жеке иш алып баруу

6.1 Окуучулардын ден соолугун көзөмөлгө алуу үчүн журнал ачуу;

( санэпид. алгоритм боюнча)

6.2 Класстагы окуучуларга байкоо күндөлүгүн түзүү;

6.3 Ар бир окуучунун кулк мүнөзүнө карап мамиле жасоо;

6.4 Ар бир окуучу менен жекече иштөөнүн планын иштеп чыгуу;